**УДК 373.2**

***Чыбыева Н., Аман кызы Б.***
*Чыбыева Н. – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Аман кызы Б. – п.и.к., доцент, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНА ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

# ОСОБЕННОСТИ КОМПЕТЕНТНОСТНОГО ОБУЧЕНИЯ ПЕСНИ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

# FEATURES OF COMPETENCY-BASED TEACHING OF SONGS TO PRIMARY CLASS STUDENTS

***Аннотация:*** *Макалада башталгыч класстын окуучуларына «Адабий окуу» сабагында ырларды окутуудагы колдонулган интерактивдүү ыкмалар жана алардын артыкчылыктары, жыйынтыктары тууралуу сөз болот. Окутулган балдар ырлары аркылуу окуучуларда калыптанган компетенттүүлүктөрдүн мааниси талдоолорго алынат.*

***Аннотация****: В статье говорится об интерактивных методах, используемых при обучении стихосложению учащихся младших классов на уроке «Литературное чтение», их преимуществах и результатах. Анализируется значение компетенций, формируемых у учащихся посредством разучивания детских песен.*

***Summary:*** *The article talks about the interactive methods used in teaching poems to elementary school students in the "Literary Reading" lesson, their advantages, and results. The meaning of competences formed in students through the taught children's songs is analyzed.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *адабий окуу, компетенттүүлүк, руханий баалуулуктар, балдар чыгармалары.*

***Ключевые слова:*** *литературное чтение, компетентность, духовные ценности, детские произведения.*

***Key words:*** *literary studies, competence, spiritual values, children's works.*

Адам коому түзүлгөн мезгилден тартып адамдардын бири-бирине болгон сезимдерин, алардын ички дүйнөсүн жеткирүүгө адабият сөздөрдүн күчү аркылуу кызмат кылган. Балдар ырлары - бул балдарга арналган чыгармалардын жөнөкөйлүгү, балдар дүйнөсүнө жакындык өзгөчөлүгү, ошол эле учурда баланын жаш курагына жараша билим берүүчүлүк күчтүү касиети менен айырмаланып турат [4, 128-б.].

Балдардын ырлары башталгыч мектепте «Адабий окууга» киргизилип, белгилүү бир талаптарга жана балдардын жашг өзгөчөлүктөрүно туура келген адабий чылгармаларды камтып турат. Балдарга арналган ырлар алардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, эс тутумуна туура келүү менен түшүнүүгө оңой болуп, сюжети баланы эстетикалык жактан адеп-ахлактык сапаттарга тарбиялоочу касиеттерге ээ болуусу максатка ылайык.

Балдар ырларынын өзгөчөлүктөрү, түзүлүштөрү жана аларды окутуунун методикалары жөнүндө окумуштуу- педагогдор, филологдор Н.Е. Абдраева, С.Т.Каранова, Т.Н.Миңбаева,
М.Т.Түлөгабылов, К.Б.Момуналиев, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, С.К.Сакиева, С.С.Саттарова, А.Т.Токтомаметов ж.б өздөрүнүн диссертациялык изилдөөлөрүндө жана методикалык багыттагы колдонмолорунда баалуу пикирлерди айтышкан.

Эстетикалык табитти өстүрүүдө жана калыптандырып тарбиялоодо башталгыч класстарда ырларды окутуу өзгөчө мааниге ээ. Ырлар баланын руханий дүйнөсүн байытат, жаратылыштагы, адамдардын кыймыл-аракетинен сулуулукту көрүүгө үйрөтүп турат. Балдардагы поэтикалык сезимталдыкты өстүрөт, өз эне тилин сүйүүгө жана барктоого көнүктүрмөкчү. Мугалимдин көркөм окуп берүүсүнүн негизинде, алгачкы кабылдоо процессинде балдар ырлардагы акын жараткан образды элестетүү менен кабыл алышып, ал тургай кандайдыр бир деңгээлде баалай алат. Окуучулардын ырды көркөм окуусу өз кезегинде балдардагы негизги маанай ырдын маанисин канчалык деңгээлде терең жана туура түшүнгөндүгүн көрсөтүп турат. Мындан сырткары башталгыч класстагы ар бир предмет баланын жан дүйнөсүн калыптандырууда чоң роль ойнойт.

Себеби, башталгыч класста баланын өнүгүшү – татаал жана өзгөчөлөнгөн процесс. Бул мезгилдеги негизги иш-аракет – окуу иш-аракети. Эгер бала ырды өзү окубаса, мугалим түшүндүрүп бербесе, абстракттуу бир нерсеге гана айланат. Андай сабак, сабак болуудан калат. Андыктан башталгыч класстагы баланын интеллектуалдык, социалдык, адептик сапаттарын өнүктүрүүдө окутулган ырлардын мүмкүнчүлүгү кенен десек болот. «Адабий окуу» предмети ушул жерден негизги максат-милдетине ылайык, окуучулардын окурмандык кызыгууларын ойготуп, жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша компетенттүүлүгүн өстүрүү маселесин колго алат.

Кыргыз лингвистикасынын белгилүү өкүлү К.К. Юдахин кыргыз лексикасында кабыл алынган сөз катары колдонулган жогорку түшүнүктөрдүн маанисин мындай чечмелейт: «Компетенттүү – билүүчү, билимдүү, б.а., бир нерсени толук билүүчү. Компетенттүү – бир нерсени чечүүгө, бир нерсе жөнүндө чечкиндүү пикир айтууга өзүнүн билими же полномочиеси бар адам». «Компетенция – белгилүү бир адамга тапшырылган маселелер, иштер. Компетенция кандайдыр бир маселени чечүү же адамдын полномочиеси» [5, 293-б.].

Демек, жогорудагып ойлордон улам компетенттүүлүк түшүнүгү төмөнкүдөй көндүмдөргө ээ кылат:

- Окуучулардын турмушта колдоно алуучу интеллектуалдык билими, мотив берүүчү, этикалык, социалдык жана жүрүш-туруштук түшүнүктөрүнүн системасын камтыйт;
- Компетенттүүлүк – ар кандай кырдаалда мурда алган билимин, ыкмашыгууларын, тажрыйбаларын колдоно алышы;
- Компетенттүүлүк мектеп партасында, окутуу процессинде гана калыптанбайт, анын калыптануусуна көптөгөн факторлор (социалдык чөйрө, ата-энелер, коомчулук, маалымат каражаттары ж.б.) таасир этет.

Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарынан тартып жогорку класстын окуучуларына, б.а. бим берүүнүн бардык баскычтарында тиешелүү билим алуучулар ээ болуучу компетенциялар аныкталып, ар бир адис өз кесибине жараша компетенттүүлүктөргө ээ болуусу зарыл экендиги замандын талабы. Башталгыч класстын «Адабий окуу» сабагында ырларды окутууда негизги көңүлдү буруучу жагдай, балдардын угуусу жана тыбыштарды кабыл алуусу мааниге ээ. «Адабий окуу» китебин окутуу процессинде жомокторду, ырларды, аңгемелерди, уламыштарды, эпостордон үзүндүлөрдү, макаллакаптарды, тамсилдерди ж.б. жанрдагы чыгармаларды пайдалануунун мүмкүнчүлүгү кеңири.

Окуу китептериндеги элдик педагогиканын каражаттарына кошумча адабияттарды пайдалануу аркылуу кенже класс окуучуларында толеранттулукту калыптандырууга болот.

Башталгыч класстын окуучуларынын таанып-билүүчүлүк (когнитивдик) компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн бирден бири жолу – окутуунун активдүү ыкмаларын колдонууга көз каранды болмокчу. Андыктан окуучунун активдүү таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнүн негизинде өнүгөөрү белгилүү. Сабакта окуучу угуучу эмес, окутуу процессинин активдүү катышуучусу болгондо гана алган билими бекем жана бышык боло тургандыгын практикада байкай алдык. Мындай учурда мугалим төмөнкүдөй иш-аракеттерди пландаштырып уюштуруусу зарыл:

- ✓ Окуучуларды ырды окууга кызыктыруу жана тартуу;
- ✓ Окуудагы жетишкендиктерин кубаттоо ж.б;
- ✓ Акылы жана жүрөгү менен окуу мүмкүнчүлүгүн ачуу;
- ✓ Окуучуларды эмгектенүүгө тартуу жана эс алууну пландоо; ✓ Акыл эмгеги менен кара күч эмгегин айкалыштыруу; ✓ Предмет аралык байланышты түзүү жана сактоо:
- ✓ Педагогикалык кызматташуу мамилени өнүктүрүү;
- ✓ Өз алдынчалыкты, жоопкерчиликти сезе билүүнү;
- ✓ Окуучулардын бири-бири сый мамиле түзө билүүсүн;
- ✓ Жүрүм-турумдарын калыптандырууга;
- ✓ Өз алдынча изденүүгө түрткү берүү;
- ✓ Өз билимин, кругозорун максаттуу багытталган компетенциянын негизинде өнүктүрүү;
- ✓ Окуучуларды бөлүүдөн баш тартуу;
- ✓ Мугалим сабакта окуучуларга өз ой пикирлерин айтууга көбүрөөк мүмкүнчүлүк берүү [1, с. 137];

Башталгыч класстардагы балдар ырларын окутуу процессинде элдик педагогиканын бай тажрыйбаларын пайдалануу аркылуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүктөрүн да калыптоого мүмкүнчүлүктөрдү табууга болот. Кыргыз эли байыртадан бери жашап келген оозеки чыгармалары көптөгөн адабий-тарыхый мурастарга бай. XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын башталышындагы акындардын ырларында, адамдардын аң сезимин, диний көз карашын, жалпы эле турмуштук идеяларын чагылдырышкан. Кыргыз элин, балдарды салттар аркылуу тарбиялоо ыкмаларын колдонуп, ошол салттардын жолунан чыкпоо биринчи орунда турган. Элдик төкмө акындардын санат-насаат ырларында адамдык сапаттарды, эмне жакшы, эмне жаман экендиги ачык айтып ырдашып, белгилүү бир багытка үндөөлөр кездешет
[2, 124-б.].

Андыктан башталгыч класстын 4-классынын «Адабий окуу» китебинен орун алган Асан
Кайгынын айткандарын окуучуларга үйрөтүүдө төмөндөгүдөй ыкмаларды колдонууга болот. Мугалим «мээ чабуулу» стратегиялык ыкмасы менен окуучулардын алдына проблемалуу жагдайды коюп, аны чечүү үчүн төмөндөгүдөй суроолордун тизмегин узатат:

- Ыр деген эмне жана ал кандай болот?
- Силер буга чейин кандай ырларды окуп же угуп жаттадыңар эле?
- Ыр окууга кызыгасыңарбы?

Андан соң жаңы үйрөнүлө турган ыр – Асан Кайгынын айткандары. Алгач мугалим ырды көркөм жана так, уккулуктуу окуп берер алдында окуучуларга төмөндөгүдө суроолорду узатат.

1. Бул ыр эмне жөнүндө болушу мүмкүн?

2. Асан Кайгы деп аталышын кандай түшүнөсүңөр?

3. Силер буга чейин акындардын ырларын уктуңар беле?

4. Боорукердик сезим адамдарга гана тиешелүүбү?

Окуучулардын ар тараптуу жана айрым учурларда баш аламандыкка алып келген ойлору угулат.

Жаңы тема мугалимдин ырды кырааты менен, үн чыгарып окуусунда башталат. (*Ырдан үзүндү алынды*)

Салган тамы жок,
Кылган камы жок,
Алган даны жок,
Баккан малы жок,
Мал багарга алы жок,
Көзү-башын көгөртүп,
Баягы көгөн байкуш кантти экен?
Көрө турган көзү жок,
Чымын байкуш кантти экен?
Таразасын көтөрүп,
Тарбаңдаган шор тумшук,
Ташбака байкуш кантти
экен?
Боору жерге жабышкан
Баса албаган балчактап,
Бака байкуш кантти
экен? Куйругу жок,
жалы жок, Кулан
байкуш кантти экен?
Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Оргон-жыйган чөбү жок,
Эчтемеге иши жок,
Доңуз байкуш кантти
экен? Кирер эшиги жок,
Корголоор тешиги жок.
Коңуз байкуш кантти экен?
Сууга муздап,
Сөөгү сыздап,
Балык байкуш кантти экен? [3, 114-115-б.]

Ырды толук окуп бергенден кийин окуучулар менен төмөндөгүдөй багытта аңгемелешүү иши алардын келечектеги адамдык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда жакшы көрсөткүч болуп бермекчи.

1. Асан Кайгы деп аталышынын себебин кандай түшүндүңөр?
2. Ырдын мындай аталышына себеп бар бекен?
3. Бул ырдан кийин жаратылыш байлыктарын, жан-жаныбарларды сактоо үчүн биз эмне кылышыбыз керек деп ойлоп калдыңар?
4. Асан Кайгынын боорукердигин бүгүнкү адамдардын жаратылышка болгон мамилеси менен салыштыргыла.

Жогорудагы легендарлуу акын Асан Кайгынын айткан ырынан соң, бул ырдын окуучуларга канчалык деңгээле түшүнүктүү болгондугун жана андан кандай таасирлерди алгандыгын текшерүү, бышыктоо ирээтинде биз тараптан «Аквариум» усулун пайдаланууга болот.

Аталган усулдун шарттары педагог окумуштуулар тарабынан төмөндөгүдөй сыпатталган:

**«Аквариум» усулу**

Бул ыкмада бир нече окуучу кырдаалды тегеректин ичинде көрсөтүшөт, калгандары байкоо жүргүзүшөт жана анализдешет.

**Максаты:** Окуучуларга көйгөйлөрдү талкуулоого эркин кирип жана чыгуусуна мүмкүнчүлүк берүү.

**Жүргүзүүнүн этаптары (баскычтары):**

**1.** Окуучулар мугалим менен бирдикте эки айлана уюштурушат: сырткы (байкоочулар) жана ички (активдүү катышуучулар).

**2.** Ички айлананын мүчөлөрү мугалим койгон суроону талкуулоого активдүү катышышат. Калган окуучулар байкашат, качан гана бирөөнүн пикири кызыктырганда алар талкууга катышат: толукташат, суроо беришет, такташат. Байкоочу кимдин пикири кызыктырган болсо ошо катышуучунун жанына барып турат.

**3.** Бир көйгөйдү (суроону) талкуулап бүткөндөн кийин окуучулар орундарын алмашышат (айлананын сыртында отургандар, айлана болуп отурушат). Бардык окуучулар айланада болуп чыгыш керектиги шарт [2, 172-б.].

Жогорудагыдай усулду колдонуу аркылуу окуучулардын оюнга кызыгуусун арттырып, ал аркылуу акындын ырын ар араптуу түшүнүүгө жана адамдык сапаттардын жакшы жактарынан үлгү алуу керектигине карата кулк мүнөзөздөрүнө таасирлер берилет. Ошол эле учурда ушул сыяктуу сабактардын көптөгөн түрлөрүн уюштуруу аркылуу окуучулардын келечектеги инсандык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга карата иш аракеттерден жемиштүү жыйынтыктаржга жетишүүгө болот деген көз караштабыз.

Башталгыч класстардын класстардын окуучуларына «Адабий окуу» сабагындагы сунушталган ар бир тематика аркылуу негизинен мугалимден аларды компетенттүүлүккө негизден окутуу-тарбиялоо ишмердүүлүгүн талап кылат. Себеби ал курактагы балдарга ырларды окутуп үйрөтүүдө алардын жаш курактарына жараша кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүн эстен чыгарбоо керек. Ырлар аркылуу балдардын жан дүйнөсүнө таасирлер берилип, алардын кулкмүнөздөрүнүн оңолушуна, тели-теңтуштарына, ата-энеге жана жаратылышка карата мамилелери өзгөрүп, руханий жактан азыктанышат. Келечектеги мыкты инсандык сапаттарын калыптандырууда балдар ырларынын мааниси чоң демекчибиз.

**Адабияттар:**


1. Голубков В.В. Методика преподавания литературы. -М: 1962
2. Муратов А., Акматов К. Мугалимдин устаттыгы жана окутуунун жаңы технологиялары. –Б.: 2022. 172-б
3. Рысбаев С., Ибраимова К., Абдухамидова Б. Адабий окуу.4-класс.-Б.: 2015, 114-115-б
4. Түлөгабылов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы.-Б; «Мектеп» 1991
5. Юдахин К.К. Русско-киргизский словарь. – Москва, 1957. 293-б